Декабрь 2009

ҮЧҮНЧҮ ЧЫГАРЫЛЫШЫ

# ТРАНЗИТТИК БОРБОРДУН ЖАРЧЫСЫ

*USAFCENT*

***Транзиттик Ташуулар Борбору, Эл аралык «Манас» аэропорту***

**Белгилүү даталар :**

- 4 декабрь: Азиядагы Америка Университетине (АУЦА) баруу
- 5 декабрь: Кыргыз товарларынын жарманкеси
- 13 декабрь: Транзиттик жүк ташуучу борборунда кыргыз маданиятынын күнү
- 19 декабрь: Транзиттик жүк ташуучу борборунда Кыргызстан-АКШ футболдук матчы
- 25 декабрь: Рождество
- 31 декабрь: Жаңы жылдын алдынкы күнү
- 1 январь: Жаңы жыл
- 7 январь: Православие рождествосу



## Чоң ыракмат!

Урматтуу курбулар жана кесиптештер. Ноябрь айы Транзиттик жүк ташуу борбору үчүн эң сонун өнөктүү иштер менен белгиленди. Биз америкалыктардын «Ыраазычылык билдирүү» майрамын белгилеп, ал майрамды улуу урматтуу кыргыз коноктору менен, кадырлуу генерал Нортон Шварц менен, АКШнын аскер күчтөрүнүн башкы штабынын командачысы жана анын жубайы; генерал-лейтенант Майк Хостедж, биздин командачы жана Кыргызстандагы АКШнын миссиясынын башчысынын орун басары Лэрри Меммот мырза менен өткөрдүк.



**Исабеков мырза жана генерал Шварц (белек алмашуу)**

Ушул америкалык майрам күнү биз баардыгы үчүн чоң ыраазычылыгыбызды билгизебиз. Адатынча биз бул күндү үй-бүлөөбүз жана курбуларыбыз менен майрамдык дасторкон үстүндө өткөрөбүз. Биз Кыргыз Республикасынын вице-спикери Исабеков Кубанычбек мырзанын жылуу куттуктоо сөздөрүн угуп отурганда, биздин дасторкондо жалпы жана жаңы досторубуз да отурушту. Ушул жылдын ичинде биз алар менен бекем достоштук.

Америкада «Ыраазычылык билдирүү» күнү алгачкы жолу белгиленгенде, көп улуттар жана маданият өкүлдөрү Европадан биринчи байыр алуучулар жана Түндүк Американын жергиликтүү жашоочулары турган жерде чогулушкан. Ал эми Транзиттик жүк ташуу борборунда да «Ыраазычылык билдирүү» күнү бүткүл дүйнөлүк улут өкүлдөрү менен достук жана эмгектештик маанайында белгиленди.

Соода тармагында жаны шериктештер, билим берүү мекемелердин өкүлдөрү, Аялдар конгреси, коопсуздук кызматынын кызматчылары, медицина мекемелеринин кызматкерлери жана башкалар кыргыз жана америкалык тамак-аштарынын Монголия жана Түндүк Американын коалициясынын аскерлери менен бирге даамын татышты.

Транзиттик жүк ташуучу борборунун кызматкерлеринин атынан кыргызстандыктар менен жылуу мамиле түзүлгөндүгү үчүн ыраазычылыгыбызды билгизебиз. Мындан ары да биздин достугубуз бекемдей беришине көп мүмкүнчүлүктөр болот деп ишенебиз. Бул чыгарылышта контракт жана бизнес мүмкүнчүлүктөрүбүз, ошондой эле биздин ынтымактуу коңшулугубуз кеңейип, жергиликтүү коомдорго мындан да чоң жардам берилерине сиздер ишенүүңүздөргө мүмкүнчүлүк берилет. Биздин аскерлер ар түрдү маданият чараларына активдүү катышышат, мисалы, мамлекеттик спорт агентствосу тарабынан уюштурулган мелдештерде, же болбосо белгилүү кыргыз опера жана балет театрында спектаклин көрүүдө.

Биз, Транзиттик жүк ташуу борборунун кызматкерлери, сиздерге бакыт жана декабрь айында ийгиликтүү орундоолорду каалайбыз. Сиздерге баардыгы үчүн биз чоң ыраазычылыгыбызды билдиребиз, биздин кыргыз достор!

## Айдын негизги окуялары ...

Биз Кыргыз парламенттин 70-жылдык маарекеси менен куттуктайбыз. Транзиттик жүк ташуучу борбору үчүн бул ай жергиликтүү бизнесмендер менен бизнес-мамилелердин кеңейүүсүн белгилейт, ошондой эле башка көптөгөн бизнес-коомдор менен сүйлөшүүлөрдүн башталышын билдирет.

Баскетбол боюнча мелдештер ийгиликтүү өттү, бул чара биздин достукту дагы бекемдеди.

Биз НТС каналынын белгилүү «Точка зрения» программасына биздин Кыргызстан Аялдар конгресси менен биргелешкен кийинки чоң проектибиз Аялдардын кризистик борборун реконструкциялоо болот деп жарыя бердик.

Транзиттик жүк ташуучу борборуна коңшу болуп турган айылдарга жардам берүү боюнча проектердин саны көбөйүүдө.



**Транзиттик жүк ташуучу борборунда эң сонун музыканы аткаруу: Айзада Осмонбекова жана Дильдар Түлкүбаева.**

**Бул чыгарылыш төмөнкүлөрдү камтыйт:**


| | |
|---|---|
| Гуманитардык жардам | 2 |
| Экономикалык кызматташтык | 3 |
| Экономикалык таасир | 4 |
| Транзиттик Ташуулар Борборунун тажрыйбасы | 4 |



АКШ менен Кыргызстандын оюнчулары жакшы оюндан кийин

# Гуманитардык жардам

## ПРОГРАММАЛАР

- Кыргызстандын Аялдар конгресси, Аялдардын кризистик борбору проектин иш жүзүнө ашуу жолунда (проектин баасы – 667 мин АКШ доллары)
- Бишкек Психалык ден-соолук борборуна жабдуу тапшыруу үчүн спонсордук жардам (20 000 АКШ доллары)
- 300 матрац, 300 жууркан, 240 кровать, 50 стол жана стул
- Дүлөй балдар үчүн мектеп интернатына басуу кагазы (15 чоң коробка) менен камсыздоо үчүн спонсордук жардам
- Бала-бакчанын бойлердик бөлмөсүнө шлакоблок сатып алуу үчүн 2  000 АКШ доллары бөлүнүп берилди
- Мраморное айылына тазалоо станциясына 10 000 АКШ доллары бөлүнүп берилди



«Сирокко» музыкалык тобу алты концерти менен чыгып, кыргыз маданияты менен таанышты

## ВОЛОНТЕРЛОР

- Жаңы-Жер айылындагы мектепте кыздар үчүн душ бөлмөсүн жана үч жаңы даараткананы кайра жасап чыгышты
- Васильевка айылынын мектебине кыш мезгилинде жылылоо үчүн пластик терезелер орнотулду
- Балдар онкология борборуна жаңы төшөм сатып алынып, жаңыртылды
- «Ювентис» мектебинде көмүркана тазаланып, кошумча сатып алынып, жүктөлдү
- Камышановка айылынын тургундарына 300 АКШ доллары өлчөмүндө спонсордук жардам берилди (кышкы кийимдер, жууркан, оюнчуктар)
- Мраморное айылынын мектебине 550 АКШ доллары өлчөмүндө спонсордук жардам берилди (китептер жана окуучулук аспаптар)
- Виноградное айылынын мектебине 700 АКШ доллары өлчөмүндө спонсордук жардам берилди (кышкы кийимдер, окуучулук аспаптар)

## МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ




«Сирокко» музыкалык тобу алты концерти менен чыгып, кыргыз маданияты менен таанышты

- Транзиттик жүк ташуучу борборунун медициналык кызматкерлери тарабынан уюштурулган кыргызстандык аскер медиктери менен жолугушуу
- Бишкек үй-бүлөлүк медицина борборунун кызматкерлери тарабынан уюштурулган презентация

  «Жүрөк оору абалындагы жардам берүү ыкмасын үйрөнүү»
  
  "H1N1" гриппи боюнча семинар өткөрүлдү
  
  «Өттүн оруусу жана анын кошумча оруусу»
  
  «Бел оруусу жана аны дарылоо ыкмалары»
  
  «Кан басымынын бийиктеши жана жүктүүлүк»
- Транзиттик жүк ташуучу борборунун доктурлары үй-бүлөлүк медицинанын эки ординатор-доктуру менен тажрийба бөлүшүштү
- Педиатрия борборунда «таңдайы жок» жана «тубаса жырык» оруусу менен ооруган балдардын санын аныктоого барышты

## ВОЛОНТЕРЛОРДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ, НОЯБРЬ



## Экономикалык мамилелер

Транзиттик жүк ташуучу борбору экономикалык кызматташтык жана өнөктөштүк өнүгүүсүнүн салтын улантууда. Мунун үлгүсүнүн бири борбордун бышчысынын балык индустриясы менен таанышуусу болуп эсептелинет.

Транзиттик жүк ташуучу борбордун кызматкерлери бизнестин башка түрлөрү менен таанышуусун улантууда, мисалга алсак, сүт өндүрүшү, фермердик чарба, үй эмерек өндүрүшү жана техникалык тейлөө. Мунун баардыгы жергиликтүү бизнесмендерибиздин ишине жана контрактык мамилелерге пайдалуу таасирин көргөзүүдө, өзгөчө октябрь айында Транзиттик жүк ташуучу борборунун кол алдында Бишкек шаарында өткөрүлгөн бизнес-семинардан кийин көрүнүп турат.

Алдыда экономикалык мүмкүнчүлүктөр кескин кеңейүүсү күтүлүүдө. Курулуш проектилери уланууда, Транзиттик жүк ташуучу борборунда жаңы подрядчиктер пайда болушу күтүлүүдө; кичи бизнестин жаңы өкүлдөрү Борбордо жайгашкан соода борборунда товарларын сатуу боюнча бизнесте ийгиликтүү ишин жүргүзүшөт, ошондой эле негизги контракттарда аракет кылган жарандар жумуш менен камсыздыгы көбөйөт.

Транзиттик жүк ташуучу борборунда иштеген кызматкерлеринин квалификациясы жана жеткирилген продукциясынын сапаты эң жогорку даражада.

Транзиттик жүк ташуучу борборунун кызматкерлери жергиликтүү өндүрүштүк продукцияны текшерүүдө бизнесмендерди чын дили менен контракт кабыл алынбай калса, борбордун кызматкерлери ар дайым ошол бизнестин түрү боюнча толук отчет берүүгө даяр. Отчетто бизнес жакшыруу боюнча кандай чараларды колдонуу туура болорун көрсөтмөсүн беришет.

Транзиттик жүк ташуучу борбору кыргызстандык бизнесмендер менен достук мамиле сактап турууга дайым даяр!



**Борбордун директору полковник Блэйн Холт жергиликтүү балык чарбалары менен таанышууда.**

## Учурдагы демилгелер


- Санитардык тейлөө боюнча кыргыз подрядчигине 1.2 миллион АКШ доллары өлчөмүндө контракт ыйгарылды.
- Жергиликтүү мөмө-жемиштерин сатып алууга жаны контракттын негизинде каражат көбөйтүлдүү
    - Алдыда Транзиттик жүк ташуучу борбору сатып алууларды көбөйтүүго ниеттенүүдө.
    - Азыркы учурдагы изилөөлөргө жаңы сүт фермалар менен таанышуусу кирет. Сүт фермалар сүт жана сыр менен камсыз кылуусу керек.
- Кондитердик фабрикалары менен сүйлөөшүлөр башталды. Алар кыргыз шоколаттын жана башка кондитердик таттууларды Транзиттик жүк ташуучу борборуна күнүмдүк пайданалуу үчүн жана сатуу үчүн алынып келинмек.
- Жаңы Аялдар кризистик борборун курууга кыргыз компаниясы изделүүдө.
    - Бул долбоор боюнча иштердин сүйлөшүлөрү декабрь айынын ортосунда аяктамакчы.
- АКШнын элчилиги «Кыргызстан менен бизнес жүргүзүү» семинарын өткөрдү.
    - Контракт жана юридикалык бөлүмдөрдүн персоналы жергиликтүү бизнесмендерге чоң жардам көрсөттүү жана алар менен АКШ проектери жана чет өлкө проектери боюнча ийгиликтүү иштөө жана эрегишүү тууралуу маалымат менен бөлүшүштү
- «Имарат-Строй» кыргыз подрядчиги жаңы жүргүнчү терминалын куурууда 16 % жумушун аяктады.
- Азыркы учурда ал компаниянын кыймылдары убактысынан алдыга чыгып активдүү уланууда.




**Предпринимателдер продукциясын Транзиттик жүк ташуучу борбордо сатууда.**

## Сандар/көрсөткүчтөр : Сарпталган АКШ доллары, Ноябрь

Выплаты в долларах США по контрактам/общий процент выплат по контрактам в долларах США



# Экономикалык таасир

| Түз сарпталган акча каражаттары | 2009 – каржылык жылы | 2010 – каржылык жыл*** |
|---|---|---|
| Дипломатиялык нота боюнча кыргыз өкмөтүнө жумшалган төлөмдөр | $26,620,000 | $10,000,000 |
| «Манас» эл аралык аэропортуна жумшалган төлөмдөр ** | $22,999,039 | $5,572,443 |
| Аэропорттун мыктылоосуна салым | $30,600,000 | $0 |
| Кыргызаэронавигацияны өркүндөтүү үчүн салымдар | $0 | $0 |
| Ыйгарылган контракттар | $24,601,908 | $4,312,711 |
| Ижарага алуу жөнүндөгү өкмөттүк макулдашуулар (ЭМА менен эмес) | $81,562 | $7,738 |
| **Арадагы түз сарпталуучу акча каражаттары** | **$104,902,509** | **$19,892,892** |
| **Түз жана гуманитардык иш-аракеттерге сарпталуучу акча каражаттары** | | |
| Аскер кызматкерлеринин жергиликтүү калк үчүн сарптай турган акча каражаттары | $1,037,530 | $220,273 |
| Гуманитардык долбоорлорго /кайрымдуулук иштерине сарптала турган акча каражаттары | $1,010,201 | $15,760 |
| **Арадагы түз жана гуманитардык иш-аракеттерге сарпталуучу акча каражаттары** | **$2,047,731** | **$236,033** |
| **Бирдиктүү экономикалык натыйжа** | **$106,950,240** | **$20,128,925** |

*** АКШ-нын каржылык жылындагы маалыматтарына таянуу менен; ** Аэропорттогу жыйымдар, жерди ижарага алуу, контракттар; *** Жыл башынан отчеттук мезгилге чейин**

**АКШ аскерлеринин төлөмдөрүү кыргызстандыктар жеткирген товарларга жумшалууда. Төлөмдөр октябрь-ноябрь айларында 50 % көбөйдүү**

# Транзиттик ташуулар борборунун тажрыйбасы





